# Чек коюп ал

Карама-каршы жыныстагы бирөө менен доссуң. Мунун жаман жери жок. Бирок сүйлөшө баштоого али даяр эмессиң. Өзүң байкабай эле, аны жактырганыңды билдирген иштерди кыла баштапшың мүмкүн. Мындай көйгөйгө кабылбаш үчүн эмне кылсаң болот?

Чек коюп ал. Ан үчүн төмөндөгү болгон окуялар тууралуу ойлонуп көр. Анан ылдый жагындагы суроолорго жооп жаз.



## БОЛГОН ОКУЯ

**«Ал мени оюн өзгөрттү деп ойлоп алыптыр»**

Жейсон деген жигит бир кыз менен жакшы дос болуп жүргөн. Ал: «„Экөөбүз жөн эле дос болобуз. Сүйүп калмай жок“,— деп сүйлөшүп алганбыз»,— дейт. Бирок тиги кызга дайыма SMS жазып, жолугуунун жолун издей берген. «Мындай кылганым туура эмес болуптур. Анткени ал мени оюн өзгөрттү деп ойлоп алыптыр»,— дейт Жейсон.

Экөө сүйлөшүп алса да, эмне үчүн кыз Жейсон оюн өзгөрткөн окшойт деп ойлоп алган?

______________________________

______________________________

______________________________

______________________________

Кыз сүйүп калды деп *ойлоп калбашы үчүн,* Жейсон кандай чек коюп алышы керек эле?

______________________________

______________________________

______________________________

______________________________

**«Эгер бир кыз Интернетке койгон сүрөттөрүмдүн баарына эле жактырарын билдирген белгини коё берсе, ага жагат окшойм деп ойломокмун» (Стивен).**



www.jw.org © 2016 Watch Tower Bible and Tract Society of Pennsylvania

## БОЛГОН ОКУЯ

### «Сен менин сезимдерим менен ойнодуң»

Аннет дос баласы менен аркы-беркини сүйлөшчү. Кийин өтө эле көп сүйлөшө баштаганын түшүнгөн. Аннет мындай дейт: «Биз жөн эле дос болчубуз, чогуу көп убакыт өткөрчүбүз, аны жигитим болсо деп кыялданчу деле эмесмин. Мага көңүлү бар деп деле ойлочу эмесмин. Бир күнү эле: „Сен мага жагып калдың, кыз-жигит болуп жүрүп көрбөйлүбү“,— деди. Мен ага: „Экөөбүз жөн эле доспуз да“,— десем, жаман боло түштү. Анан: „Сен менин сезимдерим менен ойнодуң. Өзүң көңүлүң бардай мамиле кылчу элең го“,— деди».



Баланын ошентип ойлошуна чынында эле негиз болгонбу? Эмне үчүн ооба? Эмне үчүн жок?

______________________________

______________________________

______________________________

______________________________

Ушундай болуп кетпеши үчүн, Аннет кандай чек коюп алышы керек эле?

______________________________

______________________________

______________________________

______________________________

«Баары өзүңдөн көз каранды. Тийишпесең да, дайыма эле чогуу жүрө берсеңер, мени жакшы көрөт турбайбы деп ойлой баштайт» (Карен).



www.jw.org © 2016 Watch Tower Bible and Tract Society of Pennsylvania

## БОЛГОН ОКУЯ

**«Ээрчишип жүрчүбүз»**

Рейчел бир баланын ага кылган мамилесинен «мени жактырат окшойт» деп ойлоп жүргөн. Ал мындай дейт: «Ээрчишип жүрчүбүз. Муну баары эле көрчү. Бир жолу мени бир нече мүнөт кучактап турду. Ошондо мени жакшы көрөт окшойт деп ойлодум. Ортодогу мамилебиз жөнүндө сурасам, сени досумдай эле көрөм деди».

Рейчелдин тиги бала аны жакшы көрөт деп ойлошуна негиз болгонбу? Эмне үчүн ооба? Эмне үчүн жок?



Кыз аны сүйүп калды деп ойлоп калбашы үчүн, бала кандай чек коюп алышы керек эле?

**«Кимдир бирөөнүн сага көңүл бурганы жагымдуу болушу мүмкүн. Өзүңө жаккан үчүн унчукпай жүрө беришиң ыктымал. Бирок жетилген адам башка бирөөнүн кызыкчылыгын өзүнүкүнөн жогору коюп, анын сезимдери менен ойнобойт» (Бриттани).**



www.jw.org © 2016 Watch Tower Bible and Tract Society of Pennsylvania